**УДК 342.41(575.2**

**РЫСПАЕВА Г.С., МУКАМБАЕВА Г.У.**
*Ж.Баласагына атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**RYSPAEVA G.S., MUKAMBAEVA G.U.**
*KNU J.Balasagyn*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАРЫ: ТҮШҮНҮГҮ, СИСТЕМАСЫ, МҮНӨЗҮ, ӨНҮГҮҮ БАГЫТТАРЫ

## Конституционное законодательство Кыргызской Республики: понятие, система, характеристика, направления развития
## Constitutional legislation of the Kyrgyz Republic: concept, system, characteristics, trends of development.

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада авторлор тарабынан Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарынын: түшүнүгү, системасы, мүнөздөмөсү, коомдогу өнүгүү багытынын илимий негиздери каралган. Буга ылайык аны жөнгө салууда жана бекемдөөдө укуктуктун бардык тармактары менен мыйзамдар колдонулат.*

***Аннотация:*** *В данной статье авторами рассмотрены вопросы конституционного законодательства Кыргызской Республики: понятие, система, характеристика, направления его развития, включающей в себя целую систему общественных отношений складывающиеся в обществе. Соответственно, в его регулировании и закреплении участвуют все отрасли права и законодательства.* ***Abstract:*** *In this scientific article with the author considered the constitutional legislation of the Kyrgyz Republic: concept, system characteristics, trends of development deals with the constitutional legislation of the Kyrgyz Republic includes the whole the system of social relations in society. Accordingly, his management and consolidation of all branches of law and legislation.*

***Урунттуу сөздөр:*** *мыйзамдарды системага салуу, конституциялык мыйзамдар, моделдөө, юридикалык божомолдоо, укуктук мамлекет, стратегиялык түрдө максат коюу.*

***Ключевые слова:*** *систематизация законодательства, конституционное законодательство, моделирование, юридическое прогнозирование, правовое государство, стратегическое целеполагание.*

***Keywords:*** *systematization of legislation, constitutional legislation, modeling, legal forecasting, rule of law, strategic goal- setting.*

Конституция мамлекеттин мыйзам чыгаруу жана укукту пайдалануу ишинин негизги юридикалык базасы болуп саналат.

Конституция (латынча «constitution» – түзүлүш) – өлкөнүн негизги (башкы) мыйзамы, мамлекеттин өзгөчө укуктук документи [1].

Конституция мамлекеттин жана коомдун түзүлүшүнүн негиздерин, адамдын жана жарандын укуктук абалынын негиздерин жөнгө салат.

«Конституция» түшүнүгү Байыркы Рим императорлорунун айрым актыларында – декреттер, мандаттар, рескрипттер деп биригип жалпы императордун «конституциясы» деп аталган жана орто кылымдарда колдонулган, бирок мааниси жана формасы жагынан укуктук акт боло алган эмес.

Андан кийинчерээк, орто кылымда королдук жана феодалдык зомбулуктарды чектөө үчүн Англияда кабыл алынган укуктук акт - “Эркиндиктин улуу хартиясы” (1265ж.) конституциялык ченемдерди - мыйзамдын үстөмдүк

принцибин киргизгенге салым кошкон. Бул принциптин мазумуну мындайча каралган: «Бир да эркин адам колго түшкөнгө, түрмөгө камалууга, мыйзамсыз деп табылган, куугунтукталган же башка жол менен жок кылынганга
мүмкүн эмес, жана ага каршы мыйзамсыз иш козгоо, өкүм чыгарууга биздин укугубуз жок, бир гана жердин мыйзамы боюнча жана пэрлердин мыйзам негиздеген ой пикири туура келет» [2, 17].

Конституциянын концепциясы прогрессивдүү, коомдун белгилүү капиталисттик өнүгүшүнүн дооруна туш келген биринчи юридикалык конституция 1787-жылы кабыл алынган - Америка Кошмо Штаттарынын Конституциясы өзгөчө документ катары болуп калган. Ошону менен, алгачкы 1787-ж. жазылган Конституция АКШда кабыл алынган жана Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ болуп, кабыл алуунун жана өзгөртүү киргизүүнүн өзгөчө тартиби менен мүнөздөлгөн.

Ар кайсы мамлекеттердин Конституциялары ар кандай себептерден улам бирибиринен айырмаланат.

Конституция, адатта атайын түзүлгөн Конституциялык уюмдаштырылган жыйыны тарабынан же түздөн-түз элдик добуш берүү менен кабыл алынат. Мусулман мамлекеттеринде чыныгы Конституция деп Куран эсептелет, бардык мыйзамдар Куранга шайкеш келүүгө тийиш.

Конституционнализмдин теориясында конституциянын түрлөрү, билдирүүнүн формасына, күчүнө, кабыл алуу тартибине жана субъектисине, мазмунуна жараша бөлүнөт.

Конституция мөөнөтү боюнча убактылуу жана туруктуу деп экиге бөлүнөт. Убактылуу конституция болсо, өткөөл мезгилде иштелип чыгып, бийликти уюштуруу жөнүндөгү негизги жоболорду чагылдырат, кээде туруктуу конституция менен алмашылат (ТАР, Польша, Албания). Туруктуу Конституция кыска мөөнөткө иштеп калышы мүмкүн (Венесуэла).

Андан тышкары, конституция билдирүү формасына жараша жазылган жана жазылбаган конституциялар деп бөлүнөт. Жазылган конституция – конституциялык маанидеги маселелердин бардыгын жөнгө салуучу ченемдик-укук актысы болуп саналат. Жазылган конституция бирдиктүү жана жалгыз акт боло алат (мисалы, АКШнын, КМШ Конституциясы).

Жазылбаган конституция – мыйзамдардын, сот актыларынын, жана үрпадаттардын жыйындысынан турат (мисалы, Улуу Британиянын, Жаңы Зеландиянын конституциясы). Жазылбаган конституцияны түзүүчү булактар ар бири өз алдынча өз өлкөсүнүн коомдук-мамлекеттик жашоосунда бир бүтүн модельди бере албайт. Алар формалдуу түрдө бир бүтүн актынын чегинде байланышкан эмес жана алар башка укук булактарынан юридикалык күчү боюнча бөлүнөт Бирок, конституция бири-бирин толуктап туруучу, формалдуу түрдө бирдиктүү конституциянын бөлүктөрү болуп саналган бир нече актылардан (бөлүктөрдөн) турган акт болуп дагы саналат. Мисалы, Франциянын Конституциясы 1958-жылдагы Конституциядан, 1789-жылдагы Декларациядан жана 1946-жылдагы Конституциянын преамбуласынан турат.

Айта кетсек, конституциянын милдети, анын - уюштуруучулук, регулятивдик, руханий-дүйнөтаанымдык, саясий-идеологиялык, коомдук туруктуулукту камсыз кылуу, каада-салттарды жана модернизациялоону бириктирүү, стратегиялык максатка ылайыкташтыруу, укук, мыйзамдарды системага салуу функциялары аркылуу көрүнөт
[3, 286].

Конституциялык мыйзамдуулуктун идеясы мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына, коомдук бирикмелердин ишмердүүлүгүнө, жарандардын укуктарына жана милдеттерине карата уюштуруу ыкмалары тууралу кеп айтылса, ошол ченемдерде бул нерселер көбүрөөк так билдирилген.

Бардык укуктук актылар, мамлекеттик органдардын иш жүзүндөгү ишмердиги Конституцияга шайкеш болууга тийиш. Конституцияга шайкеш

келбеген актылар аракеттенбей турган жана укук бузуучу (органдардын аракети) деп каралат.

Конституциялык укукта "конституциялык мыйзамдар" термини бир кыйла талаш түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. Ар бир мамлекет баарынан мурда коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу аркылуу укуктук ченемдерди белгилөөнү же санкциялоонуи ишке ашырууну камсыз кылуу менен коомго тиешелүү түрдө таасир бериши аркылуу жыйынтыкталат.

Ошондой эле азыркы учурда көптөгөн теориялык ыкмалардын жана аныктамалардын болушунун өзү эле мыйзамдардагы, анын ичинде конституциялык мыйзамдарга баш аламандыктарды киргизет [4, 372].

Кыргыз Республикасында Конституциянын 3-беренесине ылайык, мыйзамдар жана мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселелер референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлушу мүмкүн. Референдумду өткөрүүнүн тартиби, референдумга коюлуучу маселелердин тизмеги конституциялык мыйзам менен белгиленет [5].

Демократиялык түрдө уюштурулган заманбап коомдогу укуктук жөнгө салуу конституциялык мааниси бар түздөн-түз конституцияга же укуктун башка булактарына негизделет.

Конституция бийликти уюштуруучу катары гана эмес, эң оболу мамлекеттин маңызынын конституциялык табигый негизги принциптерин аныктоосу, мамлекеттин саясий-аймактык түзүлүшүн, ошондой эле, жарандардын укуктары менен эркиндиктерин жөнгө салуунун предмети катары да каралат.

Кошумчаласак, конституция концепциясын кеңири мааниде карoo керек, себеби азыркы таптагы конституциялар органдардын жана мыйзамдуулук процедураларына тийиштүү жоболорду гана эмес, ошондой эле адамдын негизги укуктарын жана жеке эркиндиктерин камтыйт. Ошондуктан конституция- негизги процедуралык жоболордун жыйындысы болуусу гана эмес, материалдык укуктун да ядросу болуп саналат.

Ал эми мындай бардык негизги принциптеринин биримдиги мамлекеттин уюштуруу формасын чагылдырат, башкача айтканда, мамлекеттин тоталитардык же демократиялык, республикалык же монархиялык түзүлүшүн жана башка ушул сыяктууларды мүнөздөйт, мамлекеттик конституцияда бекитилип берилген дал ушул түзүлүш, анын конституциялык, башкача айтканда, мамлекеттик түзүлүшү болуп саналат [6].

Конституциянын формасы ыкмалардын жыйындысы болуу менен, алар аркылуу конституциянын мазмуну, анын маңызы калыптанат. Ички жана сырткы формаларга бөлүнүү классификациясы XIX кылымда эле башталып азыркыга чейин колдонулат.

Ички формасына ылайык конституция мындайча тартипти камтыйт:

- конституцияны иштеп чыгуу тартиби;
- кабыл алуу тартиби;
- бекитүү тартиби; - ички түзүмү.

Сырткы формасына ылайык конституция төмөнкү структуралык элементтерди камтыйт:

-конституциянын аталышы;

-күчүнө киргизүү тартиби;

- ишке ашыруу тартиби; - кайрадан карoo тартиби; - коргоо тартиби.

Конституциялык укуктун системасы укуктун тармагы катары – анын тармактарга, ошондой эле, алардын бириктирүү институттарынын бирикмесинин түзүлүшү болуп саналат. Ал эми институттары, институттардын алды жана ченемдерге бөлүнөт. Эгерде мындай көз караштардагы көрсөтүлгөн системаларды карасак, андай биримдик жок. Конституция – мамлекеттик, коомдук институттарды түзүүгө, алардын иш-аракетин жөнгө салууга, саясий-идеологиялык жана башка баалуулуктарды көрсөтүү, үрп-адатты жана

бириктирүү модернизациялоону, мыйзамды системага келтирүүгө багытталган коомдун негизги мыйзамы болуп саналат.

Конституциянын мазмуну боюнча, кээ бир учурларда конституцияны түрлөргө бөлүүнүн негизинде анын мазмунундагы өз алдынча: конституцияда бекитилген мамлекеттин түзүлүш формасы боюнча (унитардык, федеративдик мамлекеттердин, федерациянын субъектилеринин конституциялары); башкаруу формасын боюнча (президенттик, парламенттик, чектелген монархиялык республикалардын конституциялары) элементтерди коюлары да каралып келет.

Ошону мене бирге эле Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат жана анын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат [7, 31]. . Ал эми Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз
Республикасынын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

Эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат жана мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды расмий жарыялоо алардын күчүнө кириши үчүн милдеттүү шарт болуп эсептелет. Андагы жаңы милдеттерди же оордотуучу жоопкерчиликти белгилөөчү мыйзам же башка ченемдик укуктук акты өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

1990-жылдан бери Кыргызстан конституциялык өнүгүүсүндө либералдыкдемократиялык идеяларды ишке ашырууну камсыз кылуучу укуктук системаны түзүү аракетин кылууда.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. -Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012. 832 бет.
2. Тургунбеков Р.Т. Конституционный строй Кыргызской Республики. – Б.: Илим,1996. – С.17.
3. Шерипов Н.Т. Конституция: түшүнүгү, маңызы, функциялары // Наука и новые технологии - 2012. -№ 1. –б.286. - URL:http://www.sciencejournal.kg/media/Papers/nntiik.
4. Жунусканов Т. Ж. Конституционное законодательство России и Казахстана: научные взгляды. Понятия и источники // Молодой ученый. — 2015. — №2. — С. 371-375. — URL: https://moluch.ru/archive/82/14793.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы .27июнь 2010-ж. (11.12.2016-ж. ред.)
6. Жунусканов Т. Ж. Конституционное право и конституционное законодательство в системе права и законодательства современного государства: Общий обзор. Вопросы теории. (На примере Российской Федерации и Республики Казахстан) [Текст] // Право: современные тенденции: материалы II Междунар. науч. конф. (г. Уфа, апрель 2014 г.). — Уфа: Лето, 2014. — С. 1-10. — URL https://moluch.ru/conf/law/archive/114/5502/.
7. Шерипов Н.Т. Конституционное право Кыргызской Республики: Учебное пособие. -Бишкек. -2010. -С.31.


***Рецензент: Аманалиев У.О.*** *– юридика илимдеринин доктору, профессор МУК.*